## Мамлекеттик казына облигациялар рыногу

*(2013-жыл октябрь)*

Октябрь айында Финансы министрлигинин казына облигацияларын биринчилик рынокто жайгаштыруу боюнча бир аукцион өткөрүлгөн. Рыноктун катышуучулары тарабынан 167,0 млн. сом суммасында баалуу кагаздар сатылып алынган, бул өткөн айдын ушул эле көрсөткүчүнө салыштырмалуу 7,2 пайыз төмөн көрсөткүчтү берет.

Коммерциялык банктардын аукционго жигердүү катышуусунун басаңдашынын натыйжасында баалуу кагаздарды сатуу төмөндөгөн (коммерциялык банктардын бири көбүрөөк активдүүлүктү көрсөткөн), 2012-жылдын июнь айынан тартып жигердүү катышкан институционалдык инвесторлор тарабынан кызыгуу мурунку деңгээлде сакталган.

Канааттанган суроо-талап деңгээли 25,2 пайыздык пунктка өсүп, 54,7 пайызды түзгөн. Мында баалуу кагаздардын кирешелүүлүгү 14,5 пайызды түзүү менен өткөн айдагы көрсөткүчкө салыштырмалуу бир аз төмөндөгөн (-0,1 пайыздык пункт). Мамлекеттик казына облигациялары (МКО) боюнча киреше алуунун салыштырмалуу жогорку деңгээлине карабастан, алардын кыска мөөнөттүү ресурстук базасынын мүнөзүнө байланыштуу мамлекеттик баалуу кагаздардын аталган түрүнө болгон кызыгуу көпчүлүк банктар тарабынан салыштырмалуу жогорку эмес деңгээлде калууда.

**1-график. МКО сунушунун жана суроо-талабынын көлөмүнүн жана кирешелүүлүгүнүн динамикасы.**




Октябрь айында жүгүртүүдөгү МКО көлөмү 5,4 млрд. сомго (-4,9 пайыз) чейин төмөндөгөн. Мында коммерциялык банктардын үлүшү 4,3 пайыздык пунктка (48,3 пайызга чейин) төмөндөгөнү, институционалдык инвесторлордун салыштырма салмагы 2,7 пайыздык пунктка жогорулаганы жана 50,0 пайыз өлчөмүндө түптөлгөндүгү байкалган. 2013-жылдын октябрь айында МКО рыногунда 1,7 пайыз үлүшү менен юридикалык жактар-резиденттердин активдүү катышуусу катталган.

Айдын жыйынтыгы боюнча МКОнун биринчилик рыногунун концентрациялануу индекси[1] 0,36 түзгөн, бул концентрациялануунун жогорку деңгээлин көрсөтөт жана рынокто үлүштөрү бирдей үч инвестордун катышкандыгына туура келет.

Каралган мезгил аралыгында МКОлор менен операциялар экинчилик рынокто ишке ашырылган эмес.

[1] Аталган индекс банктардын портфелиндеги баалуу кагаздардын концентрациялануу деңгээлин көрсөтөт. Концентрациялануу индекси Херфиндаль-Хиршман методикасы боюнча эсептелет жана жалпы көлөмдө көрсөткүчтөрдүн салыштырма салмактарынын квадраттарынын суммасын берет. Орун алышы ыктымал болгон индекстин маанилери 0дөн 1ге чейинки маанилер аралыгында орун алат. 0,10 кем индекстин мааниси концентрациялануунун төмөнкү деңгээлине; 0,10дон 0,18ге чейин – концентрациялануунун орточо деңгээлине; 0,18ден жогору – концентрациялануунун жогорку деңгээлине туура келет. Мисалга алсак, 0,50гө тең болгон концентрациялануу индекси рынокто үлүштөрү бирдей эки катышуучу катышкандыгына барабар; 0,30 – үч катышуучуга д.у.с.

**1-таблица. МКО кармоочулардын коминалдык нарк боюнча түзүмү**

*миң.сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Улуттук банкы | | Комм. банктар | | Институт. инвестор | | Резидент юридик. жактар | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| Октябрь'2012 | 4 362 550,0 | 0,0 | 0,0% | 2 441 473,2 | 56,0% | 1 917 874,6 | 44,0% | 3 160,2 | 0,1% |
| Ноябрь | 4 561 550,0 | 0,0 | 0,0% | 2 476 473,2 | 54,3% | 2 081 874,6 | 45,6% | 3 160,2 | 0,1% |
| Декабрь | 4 750 550,0 | 0,0 | 0,0% | 2 486 473,2 | 52,3% | 2 260 874,6 | 47,6% | 3 160,2 | 0,1% |
| Январь'2013 | 4 841 300,0 | 0,0 | 0,0% | 2 536 223,2 | 52,4% | 2 301 874,6 | 47,5% | 3 160,2 | 0,1% |
| Февраль | 4 955 200,0 | 0,0 | 0,0% | 2 650 123,2 | 53,5% | 2 301 874,6 | 46,5% | 3 160,2 | 0,1% |
| Март | 5 075 200,0 | 0,0 | 0,0% | 2 770 123,2 | 54,6% | 2 301 874,6 | 45,4% | 3 160,2 | 0,1% |
| Апрель | 5 089 700,0 | 0,0 | 0,0% | 2 784 623,2 | 54,7% | 2 301 874,6 | 45,2% | 3 160,2 | 0,1% |
| Май | 5 107 700,0 | 0,0 | 0,0% | 2 707 009,2 | 53,0% | 2 397 488,6 | 46,9% | 3 160,2 | 0,1% |
| Июнь | 5 612 700,0 | 0,0 | 0,0% | 2 796 903,1 | 49,8% | 2 812 594,7 | 50,1% | 3 160,2 | 0,1% |
| Июль | 5 728 700,0 | 0,0 | 0,0% | 2 796 903,1 | 48,8% | 2 928 594,7 | 51,1% | 3 160,2 | 0,1% |
| Август | 5 598 700,0 | 0,0 | 0,0% | 2 838 031,9 | 50,7% | 2 757 465,9 | 49,3% | 3 160,2 | 0,1% |
| Сентябрь | 5 720 480,0 | 0,0 | 0,0% | 3 012 511,9 | 52,7% | 2 704 765,9 | 47,3% | 3 160,2 | 0,1% |
| Октябрь | 5 437 480,0 | 0,0 | 0,0% | 2 627 076,6 | 48,3% | 2 717 403,4 | 50,0% | 3 000,0 | 0,1% |